КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ИСКУССТВО ФАКУЛЬТЕТИ

СҮРӨТ, ЧИЙҮҮ ЖАНА ЭМГЕК КАФЕДРАСЫ

*“Бекитилди”* *“Макулдашылды”*

Кафедранын 20___-ж.”____”_______
жыйынынын №___протоколунда. Фак.ОМК-н төрагасы_______

“Көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун методикасы” дисциплинасы боюнча
550600 Көркөм билим берүү даярдоо багытында окуган студенттер үчүн

# СТУДЕНТТЕРДИ ОКУТУУНУН ПРОГРАММАСЫ
# (Syllabus)

Окутуунун формасы: күндүзү
Бардык кредиттер -12, 3- курс, 5 – 6 -семестр
Жалпы саат - 360 саат. анын ичинен: аудиториялык-180 с. (лекция- 72 с,
Практикалык сабак-108 с., лаборатор, - с.);
СӨАИ - 180 саат.
Аралык текшерүүлөрдүн саны (АТ)- 4 , экзамен - 5 – 6 - семестр

Окутуучу жөнүндө маалымат: Ысмайылов Мухтар Зулпукарович, п.и.к., кафедранын доценти .
Кафедранын аталышы, “Сүрөт,чийүү жана эмгек”кафедрасы, №207 каана.
Байланыш үчүн маалымат: кфедрада , дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби күндөрү саат 15тен 17ге чейин ал эми ишемби күндөрү саат 10дон 12ге чейин _______тел: 0772 42 97 03 2019-2020 окуу жылы

**Ош-2019**

1. **<u>Дисциплинанын максаты</u>**

- Студенттердин - болочок сүрөткер - мугалимдердин көркөм сүрөт өнөрүн жалпы билим берүүчү мектептерде ж.б. билиим берүү мекемелеринде окутуунун дидактикалык маселелерин чечүүгө **үйрөнүүсү**;

- Окуучуларга көркөм тарбия берүү жана алардын көркөм табитин калыптандыруу боюнча студенттердин теориялык **билимдеринин, билгичтиктеринин** жана практикалык **көндүмдөрүнүн калыптануусу.**

2. **Дисциплинаны окутуунун натыйжалары.**

| ББП ОН коду жана анын формулировкасы | НББП компетенцияларынын коду жана анын формулировкасы | Дисциплинанын ОН-н коду жана анын формулировкасы |
|---|---|---|
| **ОН-3** Көркөм билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий негизделген технологияларына ылайык окуучулардын талаптарына жана жетишкендиктерине жараша пландаштыруу менен ишке ашыра алат. | **ЖК-2** Көркөм билим берүү процессин окутуунун заманбап, илимий негизделген технологияларына ылайык окуучулардын талаптарына жана жетишкендиктерине жараша пландаштыруу менен ишке ашырууга жөндөмдүү.<br>**ЖК-6** Ыргактуу өнүктүрүүгө жана билим берүүгө даяр.<br><br>**КК-6** Предметтер боюнча сабактарды программанын бөлүмдөрүнүн жана темалардын спецификалык өзгөчөлүктөрүнө жана окуу планына ылайык пландаштырууга жөндөмдүү. | Көркөм билим берүү процессин пландаштыруунун илимий негиздерин **билет** (ЖК-2)<br>Окуу иштерин пландоодо окуучулардын талаптарын , жетишкендиктерин,психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрүн эске алууга **жөндөмдүү**(ЖК-2)<br>Окуу программаларын түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот**.(ЖК-2)<br><br>Көркөм билим берүүдөгү окуутуунун,тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн билет(ЖК-6)<br>Системалуу билим берүүнү уюштурууга жөндөмдүү(ЖК-6)<br>Билим берүүнүн мазмунун ырааттуу жөндөө көндүмдөрүнө ээ ЖК-6)<br><br>Көркөм билим берүү процессин пландоодо билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтер менен иштөөнү билет ( КК-6)<br>Сабактарды пландоодо аймактардын жер шартын , мектептердин материалдык-техникалык базасын ,элдик салттарды эске алууга жөндөмдүү (КК-6)<br>Мектептин көркөм өнөр сабактарынын программаларын, календардык-тематикалык пландарын,план-конспекттерин ж.б. пландоо көндүмдөрүнө ээ болот (КК-6) |
| **ОН-7** | | Көркөм тарбиялык процессти жөндөөнүн |

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулардын көркөм-чыгармачылык ишмердүүлүгү, алардын көркөм сүрөт өнөрү боюнча мугалимдик кесибин чын ниеттен тандоолорун калыптандыруу, түрдүү класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштурууга жана аткарууга жөндөмдүү. | **ИК-4** Педагогикалык процесстердин бардык субөекттеринин инсандар аралык позитивдүү мамилелерин уюштурууга катышууга, башкаруу чечимдерин кабыл алууга жөндөмдүү.<br><br>**КК-14** Окуу процессин балдардын өз алдынча көркөм ишмердүүлүгүнө кызыгуусун өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн уюштурууга жөндөмдүү. КСӨ, ДКӨ, көркөм эмгек. | жана башкаруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы **билет** (ИК-4)<br>Көркөм өнөрдүн окуу-усулдук,илимий-чыгармачылык процесстерин уюштурууга жана башкарууга **жөндөмдүү** (ИК-4)<br>Көркөм билим берүү боюнча түрдүү сабак жана чыгармачыл процесстерди уюштуруу көндүмдөрүнө **ээ болот**(ИК-4)<br><br>Сабак процессинде окуучулардын көрөкөм өнөргө болгон кызыгуусун,окуу мотивдерин калыптандыруунун методдорун,каражаттарын жана принциптерин **билет** ( КК-14)<br>Окуучулардын көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүн уюштурууга **жөндөмдүү** (КК-14)<br>Элдик кол өнөрчүлүктүн баалуулуктарын тарбия каражаттары катары колдонуу көөндүмдөрүнө **ээ болот**(КК-14) |
| **ОН-8** Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде колдоно алат | **КК-1** Кесиптик маселелерди чечүү үчүн өзүнүн психолого-педагогикалык компетенттүүлүгүн жана педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдаланууга даяр жана жөндөмдүү<br><br>**КК-5** Билим берүү программасын өз алдынча тандай билет жана ага керектүү дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу менен аны педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде колдоно алат.<br>**КК-8** Педагогикалык ишмердүүлүгүн окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуу менен ишке ашырууга жөндөмдүү. | Компетенттүү сүрөткер – педагог катары Илимий-изилдөөлөрдүн натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө пайдалана **билет**( КК-1)<br>Окуу - тарбиялык процессте алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонууга **жөндөмдүү** (КК-1)<br>Сабактардын илимийлүүлүк принциптерин жөндөө тажрыйбаларына **ээ болот** (КК-1)<br><br>КСӨ боюнча билим берүү программаларын талдоону, тандоону, ага толуктоолорду киргизгенди **билет** (КК-5)<br>КСӨ боюнча түрдүү окуу программаларды иштеп чыгууга **жөндөмдүү** (КК-5)<br>Өз ишмердүүлүгүнө керектүү план-программаларды түзүү көндүмдөрүнө **ээ болот** (КК-5)<br><br>КСӨ сабактарын окутуунун түрдүү технологияларын **билет** (КК-8 )<br>Көркөм өнөр сабактарында окутуунун интерактивдүү технологияларын колдонууга **жөндөмдүү** (КК-8)<br>Окутуунун жаңы технологияларын ситемдүү түрдө колдонуу көндүмдөрүнө |

| | | |
|---|---|---|
| | **КК-10** Көркөм билим берүүнүн (көркөм сүрөт өнөрү, декоративдик колдонмо өнөр, көркөм эмгекке үйрөтүү, чөйрө дизайны жана музыкалык билим берүү) теориялык негиздерине ээ. | **ээ болот**(КК-8)<br><br>КСӨ сабактарын мектепте окутуунун бардык түрлөрүн (КСӨ,ДКӨ,көркөм эмгек,дизайн) **билет** (КК-10)<br>КСӨ сабактарынын мазмунуна элдик кол өнөрчүлүктүн элементтерин чагылдырууга **жөндөмдүү** (КК-10)<br>КСӨ жана аны окутуу боюнча терең теориялык билимдердин негиздерине **ээ болот**(КК-10) |

**3.Пререквизиттер:** Көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутуунун методикасын” өздөштүрүүгө түздөн-түз таасирин тийгизген, аны өздөштүрүүгө зарыл болгон билимдерди, билгичтикетерди жана көндүмдөр тизмегин камтыган рисунок, живопись, түс таануу, композиция, педагогика, психология сабактары.

**4.Постреквизиттер:** “Көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутуунун методикасы” курсун өздөштүрүүдө жана анын практикаларда санттуу колдонулушуна таасир берүүчү искусствонун тарыхы, рисунок, живопись, мектептеги көркөм жасалгалоо, материалдарды көркөмдөп иштетүү сыяктуу дисциплиналар.

**5.Дисциплинанын технологиялык картасы.**

***5 - семестр***

| *Модулдар* | *Аудит.* | *СӨИ* | *Лекция* | | *Практикалык* | | *С Ө И* | | *УТ* | *ЖТ* | *Баллдар* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сааты | баллы | сааты | баллы | Сааты | баллы | | | |
| *1-модул* | *45* | *45* | *18* | *4* | *27* | *12* | *45* | *4* | *10б* | | *30б* |
| *2- модул* | *45* | *45* | *18* | *4* | *27* | *12* | *45* | *4* | *10б* | | *30б* |
| | | | | | | | | | | *40б* | *60б* |
| ***баары*** | ***90*** | ***90*** | ***36*** | ***8*** | ***54*** | ***24*** | ***90*** | ***8*** | ***20б*** | ***40б*** | ***100б*** |

***6 - семестр***

| *Модулдар* | *Аудит.* | *СӨИ* | *Лекция* | | *Практикалык* | | *С Ө И* | | *УТ* | *ЖТ* | *Баллдар* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сааты | баллы | сааты | баллы | Сааты | баллы | | | |
| *1-модул* | *45* | *45* | *18* | *4* | *27* | *12* | *45* | *4* | *10б* | | *30б* |
| *2- модул* | *45* | *45* | *18* | *4* | *27* | *12* | *45* | *4* | *10б* | | *30б* |
| | | | | | | | | | | *40б* | *60б* |
| ***баары*** | ***90*** | ***90*** | ***36*** | ***8*** | ***54*** | ***24*** | ***90*** | ***8*** | ***20б*** | ***40б*** | ***100б*** |

өмдөп иштетүү сыяктуу сабактары.

**6.Дисциплина боюнча балл топтоонун картасы**

5-семестр

| Модул 1 (30 б) | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТК-1 | | | | | | | ТК-2 | | | | | | | РК 1 |
| Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | |
| | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | |

| | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Т-1 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-6 | 2 | 0,45 | 3 | 1,33 | 5 | 0,45 | |
| Т-2 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-7 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-3 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0.44 | Т-8 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-4 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-9 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-5 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | | | | | | | | |
| | 10 | 2,2 | 15 | 6,65 | 25 | 2,2 | | 8 | 1,8 | 12 | 5,35 | 20 | 1,8 | |

| Модул 2 (30 б) | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТК-1 | | | | | | | ТК-2 | | | | | | | РК 1 |
| Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | |
| | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | |
| Т-1 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-6 | 2 | 0,45 | 3 | 1,33 | 5 | 0,45 | |
| Т-2 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-7 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-3 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0.44 | Т-8 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-4 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-9 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-5 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | | | | | | | | |
| | 10 | 2,2 | 15 | 6,65 | 25 | 2,2 | | 8 | 1,8 | 12 | 5,35 | 20 | 1,8 | |

6-семестр

| Модул 1 (30 б) | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТК-1 | | | | | | | ТК-2 | | | | | | | РК 1 |
| Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | |
| | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | |
| Т-1 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-6 | 2 | 0,45 | 3 | 1,33 | 5 | 0,45 | |
| Т-2 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-7 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-3 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0.44 | Т-8 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-4 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-9 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-5 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | | | | | | | | |
| | 10 | 2,2 | 15 | 6,65 | 25 | 2,2 | | 8 | 1,8 | 12 | 5,35 | 20 | 1,8 | |

| Модул 2 (30 б) | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ТК-1 | | | | | | | ТК-2 | | | | | | | РК 1 |
| Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | Тема | Лекция | | Практ | | СӨАИ | | |
| | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | Сааты | Баллы | |
| Т-1 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-6 | 2 | 0,45 | 3 | 1,33 | 5 | 0,45 | |
| Т-2 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-7 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-3 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0.44 | Т-8 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-4 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | Т-9 | 2 | 0,45 | 3 | 1,34 | 5 | 0,45 | |
| Т-5 | 2 | 0,44 | 3 | 1,33 | 5 | 0,44 | | | | | | | | |
| | 10 | 2,2 | 15 | 6,65 | 25 | 2,2 | | 8 | 1,8 | 12 | 5,35 | 20 | 1,8 | |

## 7.Дисциплинанын программасы

Жалпы билим берүүчү мектептерде көркөм –эстетикалык тарбия берүүнүн максаттары . Класстык сабак - көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутууну уюштуруунун негизги формасы.Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын этаптарына коюлуучу талаптар. Көркөм өнөр сабактарынын максаттары жана милдеттерин аныктоо. Көркөм өнөр сабактарынын мазмунун аныктоо. Көркөм өнөр сабактарын окутуунун принциптери. Көркөм

сүрөт өнөрүн окутуунун методдору жана аларды тандоого таасир этүүчү факторлор. Китеп менен иштөө,роль ойноо,көрүп байкоо (экскурсия), долбоор, программалап окутуу,проблемалуу окутуу методдору. Көркөм сүрөт өнөрү сабактарын пландаштыруу. Күндөлөлүк сабактарды пландаштыруу. Сабакты анализдеп баалоонун технологиясы.Өз ара сабактарга катышуу-сабакты жүргүзүү этабы , техникасы , психологиялык, педагогикалык өңүттөн талдоо. Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окутуу усулдары . Түстөр жана алардын психологиялык таасирлери. Түстүк композицияны окутуу усулдары.Боектор жана аларды колдонуу техникалары. Фронталдык жана бурчтук перспектива, көлөмдүү заттардын сүрөттөрүн тартуу усулдары.Пейзаж ( табияттын кооздугун чагылдыруу усулдары).Натюрморт (жансыз заттардын сүрөтүн тартуу) жанрында сүрөт тартуу усулдары.Интерьер жана экстерьер (имараттын ички жана сыртки түзүлүшүнүн кооздугу) сүрөттөрүн тартуу усулдары.Портрет (адам сүрөтүн тартуу) аткарууга үйрөтүү усулдар. Жаныбарлардын,канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдары. Темага карата сүрөт тартууга үйрөтүү усулдары. Декоративдик сүрөт тартууга үйрөтүү усулдары.Скульптура, лепка - чоподон, пластилинден көлөмдүү заттарды жасоого үйрөтүү усулдары. Көркөм сүрөт өнрүнүн тарыхы жана аны ангеме түрүндө окутуу усулдары.Көркөм сүрөт өнөрү боюнча класстан жана мектептен тышкаркы иштер. Көркөм сүрөт өнөрү боюнча илимий-методикалык иштердин натыйжаларын окуу - тарбиялык процессте колдоно билүүгө үйрөтүү усулдары. Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын көркөм сабаттуулугун жана көркөм табитин калыптандыруунун башкы маселелери .КСӨ боюнча алдынкы педагогикалык тажрыйбаны окуп үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу.Мектептеги көркөм жана предметтик көргөзмөлөрдү уюштуруу усулдары.Көнүгүү сабактарын өтүү, анализдөө, жыйынтыктоо.Көркөм сүрөт өнөрүн адабият, музыка ж. б. предметтер менен байланыштыруу усулдары.Мектеп окуучуларынын этномаданий көз караштарын калыптандыруунун айрым ыкмалары (Манас эпосу, жомоктор, дастандар ж.б.) . Окуу программаларын жана баалоо каражаттарын түзүүдө компетенттүүлүккө багытталган ишмердүүлүктү уюштуруу методдору. Мектептеги көркөм жасалгалоо жана дидактикалык материалдарды даярдоо иштеринин методикасы.Мектептеги көркөм сүрөт ийримдери жана өзгөчө талanттуу окуучулар менен иштөө усулдары.

## 9.Сабактардын түрлөрү боюнча сааттарды бөлүштүрүүнүн тематикалык планы

| № | Дисциплинанын бөлүмдөрүнүн,темаларынын аталышы | Баары | Ишмердүүлүктүн түрлөрү | | | Билим берүү технология лары | Баалоо каражаттары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Лекциялар | Практикалык сабактар | Өз алдынча иштер | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| | | | 5-семестр | | | | |
| | | | **1-модуль** | | | | |
| 5.1.1 | Жалпы билим берүүчү мектептерде көркөм – эстетикалык тарбия берүүнүн максаттары | 10 | 2 | 3 | 5 | Талдоо сабагы | Суроолор топтому |
| 5.1.2 | Класстык сабак - көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутууну уюштуруунун негизги формасы | 10 | 2 | 3 | 5 | Лекция ,семин ардыксабак | Талдоо сабагынн Суроо тапшырмала ры |
| 5.1.3 | Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын Этаптарына коюлуучу талаптар | 10 | 2 | 3 | 5 | Лекция ,семин ардыксабак | Сабактын максаттарын аныктоо |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | боюнча эссе |
| 5.1.4 | Көркөм өнөр сабактарынын максаттарын жана милдеттерин аныктоо | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак талкуу | Суроолор топтому |
| 5.1.5 | Көркөм өнөр сабактарынын мазмунун аныктоо | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак талкуу | Аңгемелешүү жана аны жыйынтыктоочу суроолордун тизмеги |
| 5.1.6 | Көркөм өнөр сабактарын окутуунун принциптери | 10 | 2 | 3 | 5 | Талдоо сабагы | Сабактын структурасы жөнүндө баяндама даярдоо |
| 5.1.7 | Көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун методдору жана аларды тандоого таасир этүүчү факторлор | 10 | 2 | 3 | 5 | Талдоо сабагы | Сабактын ырааттуулугу жөнүндөгү суроолор топтому |
| 5.1.8 | Китеп менен иштөө, роль ойноо,көрүп байкоо (экскурсия), долбоор, программалап окутуу, проблемалуу окутуу методдору | 10 | 2 | 3 | 5 | Аңгеме же көнүгүү сабагы | Аңгемелешүү жана аны жыйынтыктоочу суроолордун тизмеги |
| 5.1.9 | Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын пландаштыруу | 10 | 2 | 3 | 5 | Логикалык ой жүгүртүү сабагы | КСӨ сабактарынын этаптарын чагылдырган реферат |
| **Баары** | | **90** | **18** | **27** | **45** | | |
| | **2-модуль** | | | | | | |
| 5.2.1 | Күндөлөлүк сабактарды пландаштыруу | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-конкурс | |
| 5.2.2 | Сабакты анализдеп баалоонун технологиясы | 10 | 2 | 3 | 5 | “Аналитика”сабагы | |
| 5.2.3 | Өз ара сабактарга катышуу-сабакты жүргүзүү этабы, техникасы,психологиялык, педагогикалык өңүттөн талдоо | 10 | 2 | 3 | 5 | Көнүгүү сабактары жана аны талкуулоо | |
| 5.2.4 | Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окутуу усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Аңгеме сабагы | |
| 5.2.5 | Түстөр жана алардын психологиялык таасирлери. Түстүк композицияны окутуу | 10 | 2 | 3 | 5 | Аңгеме сабагы | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | усулдары | | | | | | |
| 5.2.6 | Боектор жана аларды колдонуу техникалары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Мастер класс” | |
| 5.2.7 | Фронталдык жана бурчтук перспектива, көлөмдүү заттардын сүрөттөрүн тартуу усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак - “Изденүү” | |
| 5.2.8 | Пейзаж ( табияттын кооздугун чагылдыруу усулдары) | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак- “Практика” | |
| 5.2.9 | Натюрморт (жансыз заттардын сүрөтүн тартуу) жанрында сүрөт тартуу усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак- “Практика” | |
| **Баары** | | **90** | **18** | **27** | **45** | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **6-семестр** | | | | | | | |
| **1-модуль** | | | | | | | |
| 6.1.1 | Интерьер жана экстерьер (имараттын ички жана сырткы түзүлүшүнүн кооздугу) сүрөттөрүн тартуу усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Аңгеме сабагы | |
| 6.1.2 | Портрет (адам сүрөтүн тартуу) аткарууга үйрөтүү усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Мастер класс” | |
| 6.1.3 | Жаныбарлардын,канаттуулардын сүрөттөрүн тартууга үйрөтүү усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Практикалык сабак | |
| 6.1.4 | Темага карата сүрөт тартууга үйрөтүү усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак- “Композиция” | |
| 6.1.5 | Декоративдик сүрөт тартууга үйрөтүү усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Мастер класс” | |
| 6.1.6 | Скульптура,лепка-чоподон,пластилинден көлөмдүү заттарды жасоого үйрөтүү усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак- “Симпозиум” | |
| 6.1.7 | Көркөм сүрөт өнрүнүн тарыхы жана аны ангеме түрүндө окутуу усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Аңгеме сабагы | |
| 6.1.8 | Көркөм сүрөт өнөрү боюнча класстан жана мектептен тышкаркы иштер. | 10 | 2 | 3 | 5 | Пландоо сабагы | |
| 6.1.9 | Көркөм сүрөт өнөрү боюнча илимий-методикалык иштердин натыйжаларын окуу - тарбиялык процессте колдоно билүүгө үйрөтүү усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак - “Конференция ” | |
| **Баары** | | **90** | **18** | **27** | **45** | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| 6.2.1 | Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын көркөм сабаттуулугун жана көркөм табитин калыптандыруунун башкы маселелери . | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак “Тегерек стол” | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6.2.2 | КСӨ боюнча алдынкы педагогикалык тажрыйбаны окуп үйрөнүү,жалпылоо жана жайылтуу | 10 | 2 | 3 | 5 | “Устат” усулдук-аналитикалык сабак | |
| 6.2.3 | Мектептеги көркөм жана предметтик көргөзмөлөрдү уюштуруу усулдары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Иш-чара” | |
| 6.2.4. | Мектептин башкаруу структуралары, педкенештин жана методкенештин функциялары | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Практика” | |
| 6.2.5 | Көркөм сүрөт өнөрүн адабият, музыка ж. б. предметтер менен байланыштыруу усулдары. | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Театр”же “поэзия кечеси” | |
| 6.2.6 | Мектеп окуучуларынын этномаданий көз караштарын калыптандыруунун айрым ыкмалары (Манас эпосу, жомоктор, дастандар ж.б.) | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак “дил маек” жолугушуу (Чыгармачыл инсандар менен) | |
| 6.2.7 | Окуу программаларын жана баалоо каражаттарын түзүүдө компетенттүүлүккө багытталган ишмердүүлүктү уюштуруу методдору | 10 | 2 | 3 | 5 | Аңгеме сабагы | |
| 6.2.8 | Мектептеги көркөм жасалгалоо жана дидактикалык материалдарды даярдоо иштеринин методикасы. | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак – “Көргөзмө” | |
| 6.2.9 | Мектептин көркөм өнөр каанасы | 10 | 2 | 3 | 5 | Сабак-“Диспут” | |
| **Баары** | | **90** | **18** | **27** | **45** | | |

## 9. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалымат каражаттары менен камсыздалышы

Билим берүү технологиялары

Дисциплинаны окутууда окутуунун салттуу, активдүү жана интерактивдүү ыкмалары пайдаланылат, атап айтсак талдоо сабагы аңгеме сабагы, көнүгүүлөрдү аткаруу сабагы, дидактикалык оюн сабагы , сынчыл ойлом сабагы, кластер, синквейн сыяктуу технологиялар колдонулат.

1.Видео жана аудио материалдар.
2.Таблицалар, репродукциялар.
3.Ар түрдүү гипстен , темирден жасалган фигуралар.

### Негизги адабияттар:

1. Ростовцев Н.Н. Методика преподавания изобразительного искусства в школе: -М.: 2000. -251с.

2.Койнова – Цельнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары. – Б.: 2011. 144-б.

3.Бекбоев И., Алимбеков А. азыркы сабакты даярдап өтүүнүн технологиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери жана жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн. –Б.: Бийиктик, 2011. - 192 б.

4. Мамбетакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. –Б.: Айат, 2008. - 304 б.

## Кошумча адабияттар:

5.Программа – методические материалы: изобразительное искусствво. Начальная школаҮсост В.С. Кузин, Е.О.Яременко – М.: Дрофа, 2001-224 с.

6.Асипова Н. Билим философиясы жана тарыхы: окуу китеби.- Б.: 2010.-240 б.

7.Исаев А. Педагогикалык кесипке киришүү. - Ош: 2008.

8.НеменскийБ.М., Неменская Л.А.,Коротеева Е.И. и др.2-изд.-Просвещение, 2013.240с.

9.Горелова Л.А. Сущностная характеристика педагогических инноваций. Известия Саратовского университета. -2009. т.9. Серия философия. Психология. 10.Педагогика. Вып.1.

ж.о.э. Народное образование, Эл агартуу, Школьные технологии, Педагогика, Демократическая школа, Вопросы технологии, Учительская газета ж.б.у.с. мезгилдүү басылмалар.

**10.Баалоо жөнүндө маалымат.**

Экзаменде билимди баалоо 100 балдык система менен жүргүзүлүп төмөнкү эрежеге ылайык коюлат:

| **Рейтинг (баллдар)** | **Тамга системасы боюнча баалоо** | **Баалоонун цифралык эквиваленти** | **Салттык системада баалоо** |
|---|---|---|---|
| 87 – 100 | A | 4,0 | Эң жакшы |
| 80 – 86 | B | 3,33 | Жакшы |
| 74 – 79 | C | 3,0 | |
| 68 -73 | Д | 2,33 | Канааттандыраарлык |
| 61 – 67 | E | 2,0 | |
| 31-60 | FX | 0 | Канааттандыраарлык эмес |
| 0 - 30 | F | 0 | |

Экзаменде жана зачетто бааны коюуда обөективдүүлүк жана акыйкаттуулук принциптерин негизинде студенттин билиминин сапаты бардык тараптан анализделип модулдук-рейтингдик системасынын жобосуна ылайык коюлат.

КРнын ББжИ Министрлигинин аракети нормативдик акттарынын жана сунуштамаларынын негизинде табигый багыттагы дисциплиналарда төмөнкүдөй критерийлер менен коюлат.

**«Эн жакшы»** деген баа окуу-программалык материалдарды ар тараптан системалык жана терең өздөштүрүлгөндүгүн көрсөтө алган, программада каралган теориялык жана практикалык иштерди эркин аткара алган, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттан пайдаланып өз алдынча аткарган, кошумча адабияттар менен таанышып чыккан окуу программалык материалдарды түшүндүрүп берүүдө жана колдонууда чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алган дисциплина боюнча уюштурулган конкурстарга жана көргөзмөлөргө активдүү катышып дисциплинанын негизги түшүнүктөрүнүн оз ара байланышын терең түшүнө алган окуп үйрөнгөн билимдерин ыкмаларын жана жөндөмдөрүн келечектеги кесибинде колдоно ала турган жана рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон балы 85 балдан кем болбогон студентке коюлат.

**«Жакшы»** деген баа окуу-программалык системалык түрдө өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган программада каралган теориялык жана практикалык иштерди аткара алган жумушчу программада сунушталган негизги адабияттардан пайдаланып өз, алдынча иштерди аткара алган кошумча адабияттар менен таанышып чыккан окуу программалык материалдарды түшүндүрө бере алган, окуп-үйрөнгөн билимдерин ыкмаларын жана жөндөмдөрүн келечектеги кесибинде пайдалана турган жана рейтингдик- модулдук система боюнча топтогон балы 68 балдан 84 балга чейин болгон студентке коюлат.

«**Канааттандырарлык»** деген баа окуу- программалык материалдарды өздөштүргөндүгүн көрсөтө алган, программада каралган маселелерди каталыктарга жол берүү менен чыгарган, бирок окутуучу тарабынан жолдомо берилсе, тапшырманы аткарган, жумушчу программада жумушчу программадагы негизги адабияттар таанышып чыккан, өз алдынча иштерди толук эмес өлчөмдө иштеп чыккан, окуу-программалык материалдарды каталыктар менен түшүндүрө алган, бирок келечектеги кесибинде колдонулуучу зарыл болгон материалдарды окуп үйрөнгөн жана рейтингдик- модулдук система боюнча топтогон балы 51 балдан 67 балга чейин болгон студентке коюлат.

**«Канааттандырарлык эмес»** деген баа окуу-программалык негизги материалдар боюнча өздөштүргөн билиминде каталыктары бар, программада каралган иштерди аткарууда принципиалдуу каталарды кетирген, жумушчу программада сунушталган негизги адабияттар менен таанышып чыкпаган, программада көрсөтүлгөн бардык материалдарды өздөштүрбөгөн, келечектеги кесибинде колдонулуучу ыкмаларга жана жөндөмдөргө ээ болбогон жана рейтингдик-модулдук система боюнча топтогон балы 51 балдан кем болгон студентке коюлат.

Сынактарда баа коюу обьективдүүлүк жана акыйкаттулук принцибинин негизинде, билимди бекемдөө жана субьективдүү факторлорду жоюу максатында жүргүзүлөт.

Жыйынтыктоочу текшерүү сынак түрүндө өткөрүлөт. Жыйынтыктоочу текшерүү үчүн жетишүүнүн максималдуу көрсөткүчү 40% ти түзөт.

Дисциплина боюнча жетишүүнүн жыйынтыктоочу модулдар боюнча жетишүү көрсөткүчтөрү 60% менен жыйынтыктоочу текшерүүнүн – сынактын көрсөткүчүнүн 40% суммасы катары аныкталат. Жыйынтыктоочу көрсөткүчтүн максималдуу мааниси 100% ти түзөт.

## Баалоо жөнүндөгү маалымат

| № | Билимдерди баалоо формуласы | Балл % |
|---|---|---|
| 1 | Сабактарга милдеттүү түрдө катышуу | 5 % |
| 2 | Практикалык, лабораториялык сабактарга катышуу учурундагы активдүүлүгү | 15 % |
| 3 | Сабактарга өз алдынча даярдануу | 10 % |
| 4 | Тайпалык проекттер жана презентациялар | 10 % |
| 5 | Чектик текшерүүлөр | 20 % |
| 6 | Сынак | 40 % |
| | Жалпы: | 100 % |

## 11.Упайларды коюу саясаты

| № | Баалоо критерийлери | Жумалар | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | Жалпы балл |
| 1 | Сабактарга милдеттүү түрдө катышуу | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2 | Прак.лаб.саб.кат.учур. активдүүлүгү | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3 | Саб.өз алд.даярдануу СӨИ | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4 | Тайпалык проекттер жана презентациялар | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | Чектик текшерүүлөр | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6 | Сынак | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Баары | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**Курстун саясаты**

а) Сабактарга милдетүү түрдү катышуу;

б) Сабак учурундагы активдүүлүүк;

в) Сабактарга дайыма даярдануу, үй тапшырмаларды, өз алдынча иштерди өз учурунда аткаруу;

**Жол берилбейт**

а) Сабактан кечигүү же кетип калуу;

б) Сабак учурунда мобилдик телефонду колдонуу;

в) Жалган сүйлүү жана плагиат;

г) Тапшырмаларды убагынан кечиктирип тапшуруу ж.б.;

## 13.Темалар жана текшерүүнүн формалары боюнча суроолор менен тапшырмалардын тизмеси

### 1-тема. Жалпы билим берүүчү мектептерде көркөм –эстетикалык тарбия берүүнүн максаттары

**Практикалык сабактардын планы**

1.”Тарбия” түшүнүгүнө аныктама бергиле  жана анын эстетикалык, көркөмдүк касиеттери жөнүндө өз пикириңерди жазуу жүзүндө билдиргиле.

2. Мектептерде көркөм –эстетикалык тарбия берүүнүн максаттарын аныктагыла.

3.КСӨ чыгармалары тарбия каражаты катары кызмат кылабы?, эгер кызмат кылса, анда оозеки же жазуу жүзүндө далилдегиле.

4.Көркөм өнөрдүн элдик педагогикадагы ордун ачып көрсөтүү үчүн аргументтүү баяндама же макала жазгыла

**1.Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

1. “Тарбия”  түшүнүгүнүн кенен социалдык жана педагогикалык маанилеринин айырмачылыгына анализ жүргүзүп көргүлө жана реферат жазгыла.

2.Өнөр сабактарын мектепте окутуунун зарылчылыгы эмнеде экендигине ой жүгүрткүлө жана жообуңарды сабактын жооп кутусуна таштагыла.

3.Көркөм өнөр чыгармаларынын тарбиялык маанисин аныктагыла.

**2-тема. Класстык сабак -көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутууну уюштуруунун негизги формасы*:***

**Практикалык сабактардын планы**

1.Окуу ишин уюштуруу жана анын формалары боюнча  жазуу жүзүндө  жалпы маалымат бергиле.

2.Орто кылымдагы монастрдык мектептерди, 16-17-кылымдардагы Россиянын окуу иштерин  оозеки айтып бергиле.

3. Я.А.Коменскийдин “Улуу дидактика” аттуу эмгегинин мазмунун чагылдырган жамааттык (коллегиялдуу)   маалымат жыйынын уюштургула .

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

1.Окуу ишин уюштуруу фармаларынын өзүнө мүнөздүү белгилерин тапкыла.

2.Класстык сабак системасы ким тарабынан, качан иштелип чыккандыгы жана анын башка системалардан эмнеси менен айырмалана тургандыгын баяндаган макала даярдагыла

**3-тема. Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын этаптарына коюлуучу талаптар**

**Практикалык сабактардын планы** 1.Сабактын уюштуруу учуру жөнүндөгү И.Т.Харламовдун, Н.М.Яковлевдин, А.М.Сохордун педагогика, методика боюнча окуулуктарынын мазмунуна оозеки   салыштырмалуу анализ жасагыла .

2.Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана жөндөмдөрүн текшерип баалоонун каражатын түзүп көргүлө.

3.Жаңы билимдерди өздөштүрүү, баалоо, үйгө тапшырма берөө иштеринин башкы маселелерин аныктагыла.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

Сабактын уюштуруу учуру жөнүндөгү И.Т.Харламовдун, Н.М.Яковлевдин, А.М.Сохордун педагогика, методика боюнча окуулуктарына байкоо жүргүзгүлө жана маалыматтарды талкууга сунуштагыла.

2.Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин жана жөндөмдөрүн текшерип баалоо каражатын түзүп көргүлө.

3.Окуучулардын өз алдынча иштерин уюштурууда кандай типтүү кемчиликтер кете тургандыгын карап чыккыла жана аны жоюу ыкмаларын булактардан издеп тапкыла

| Маалымат (билим) туруктуу | Маалымат (билим) дайыма өзгөрүп турат |
|---|---|
| | |

Мугалим менен окуучунун иш-аракеттеринин өзгөрүшү.
Мугалимдин ишмердүүлүгү:

| Салттуу максат. Окуучуларды билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ кылуу | Инновациялык максат – инсан жана анын өзүн өзү өнүктүрүү жөндөмү |
|---|---|
| | |

Окуучунун ишмердүүлүгү

| Салттуу максат – окуучуларды билим, билгичтик көндүмдөргө ээ кылуу | Инновациялык максат – инсан жана анын өзүн өзү өнүктүрүү жөндөмү |
|---|---|
| | |

**4-тема. Көркөм өнөр сабактарынын максаттарын жана милдеттерин аныктоо**

**Практикалык сабактардын планы** 1. Сабактын өз ара тутумдаш дидактикалык үч максатынын маани-маңызына оозеки анализ жүргүзгүлө.

2”Күтүлүүчү натыйжа менен максаттын кандай байланышы бар?” деген суроонун жообун талкуулагыла.

3.Сабактын максатынын дидактикалык баалуулугун аныктагыла.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

1. Белгилүү бир сабактын өз ара тутумдаш дидактикалык үч максатын коюп, алардын маани-маңызына түшүндүрмө бергиле.

2.Күтүлүүчү натыйжа менен максаттын кандай айырмасы жана байланышы бар экендигин мисалдар менен далилдегиле.

**5-тема. Көркөм өнөр сабактарынын мазмунун аныктоо**

**Практикалык сабактардын планы**

1. Сабактын инсанды калыптандырууга багытталышы жөнүндө оозеки түшүндүрмө бергиле.
2.Билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтерди санап бергиле.

3.”Окуучунун ыймандык ишенимдерин, дүйнө таанымын, моралдык-эстетикалык идеаларын эске алуу” дегенге оозеки түшүндүрмө бергиле.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

1.Билим берүүнүн мазмунун аныктоочу документтердин аттарын атап, алардын структкралык түзүлүшүнө жана мазмунуна жазуу жүзүндө мүнөздөмө бергиле.
3.Окуучунун ыймандык ишенимдерин, дүйнө таанымын, моралдык-эстетикалык идеаларын өнүктүрүү жагы эске алынган сабактын мазмуну жөнүндөгү пикириңерди ортого салгыла.

**6-тема. Көркөм өнөр сабактарын окутуунун принциптери**

**Практикалык сабактардын планы**

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

1 Л.В.Занков «Белгилүүдөн белгисизге карай». «Жөнөкөйдөн татаалга». «Жакындан алыска» ж. б. у. с. дидактикалык эрежелерге мисалдарды келтиргиле.

2.Ключевскийдин – “Эгерде адам бир нерсе жөнүндө жөнөкөй айтып бере албаса, анда ал өзү аны түшүнбөйт”деген пикирин талкууга салуу үчүн суроолорду түзгүлө.

.Ички предметтер аралык байланыш..

**7-тема. Көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун методдору жана аларды тандоого таасир этүүчү факторлор**

**Практикалык сабактардын планы**

1.Окутуунун методдору жөнүндөгү жалпы ой - туюмуңарды ортого салып көргүлө.
2. Окутуу, үйрөтүү жана окуп үйрөнүү методдору, көрсөтмөлүү метод, практикалык метод, репродиктивдүү метод, изденүү методу, индуктивдүү метод, өз алдынча иштөө методу – аталган методдорго мүнөздөмө бергиле жана ар бирине конкреттүү мисал кетиргиле.

3.Окутуунун методдору менен тарбиянын методдорун салыштыргыла.

**<u>Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар</u>**

1.Окутуунун методдору жөнүндгү жалпы түшүнгүнөрдү кластер түрүндө презентациялагыла

2. Класстык доскага тизмектелип жазылган окутуу, үйрөтүү жана окуп үйрөнүү методдору, көрсөтмөлүү метод, практикалык метод, репродиктивдүү метод, изденүү методу, индуктивдүү метод, өз алдынча иштөө методдорунун туштарына аныктамаларын же сүрөттөлүштөрүн жазып илгиле.

**8-тема. Китеп менен иштөө,роль ойноо,көрүп байкоо (экскурсия), долбоор, программалап окутуу,проблемалуу окутуу методдору**

**<u>Практикалык сабактардын планы</u>**

1.Окуучунун жеке билимин көзөмөлгө алуу,

окуу китебин активдүү өздөштүрүү, сынчыл ой жүгүртүп талдоо, окуу материалын тереңдетип үйрөнүү маселелери жөнүндө тесттик суроодорду даярдагыла.
2.Мээге чабуул, проблемалуу окутуу методдоруна мүнөздөмө бергиле.

**<u>Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар</u>**

1 Окуучунун жеке билимин көзөмөлгө алуу,
окуу китебин активдүү өздөштүрүү, сынчыл ой жүгүртүп талдоо, окуу материалын тереңдетип үйрөнүү маселелери жөнүндө тесттик суроодорду даярдагыла.
2.Мээге чабуул, проблемалуу окутуу методдоруна мүнөздөмө бергиле..

**9-тема. Көркөм сүрөт өнөрү сабактарынын пландаштыруу**

**<u>Практикалык сабактардын планы</u>**

1.Биринчи класстан жетинчи класстарга чейинки окуучулар үчүн КСӨ боюнча сааттардын сеткасына сынчыл анализ бергиле
2.(а) окуучу, (б) тема, (в) шарт, ушул үч факторду эске алуу менен оригиналдуу календардык план түзүү идеяңарды сунуштагыла.
3.Ортонку класстардын бирине иллюстрати вдик календардык-тематикалык план түзгүлө. ( *үлгү сунушталат*).**<u>Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар</u>**
Мектепте КСӨ сабагын окутуунун түрлөрү бонча (1.натурадан сүрөт тартуу, 2.темага карата сүрөт тартуу, 3.декоративдик сүрөт тартуу, 4.көркөм өнөр жөнүндө аңгеме.) көргөзмө курал даярдап көргүлө 1.Иллюстративдик календардык-тематикалык план түзгүлө.

**<u>Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар</u>**

1.Сабактын максаттарына өзгөчө маани бергиле жана өзүңөрдүн конкреттүү бир сабагыңардын максаттарын аныктагыла;

2.Өз сабагыңардын тутумдаш үч максатын сабак учурунда кантип ишке ашыра тургандыгыңарды түшүндүрүп бергиле (мисалдар менен);

**Модуль 2.**

**10-тема. Күндөлөлүк сабактарды пландаштыруу**

**Практикалык сабактардын планы** 1.Сабактын мазмунуна терең байкоо жүргүзгүлө, сабактын элементтерин, формаларын, ордун, ыраттуулугун эстеп,жазуу жүзүндө көрсөткүлө.

2.В.А.Сухомлинскийдин сабакка даярдануу, сабактын **максаттарын аныктоо,** дидактикалык каражаттарды иргөө, класстык доскада иштелүүчү графикалык түзүлүштөрдү даярдоо, өз алдынча иштөө формаларын аныктоо жөнүндөгү баалуу сунуштарын эске алуу менен сабактын план конспектин даярдагыла.

3. Сабактын план - конспектинде окуучунун билимин текшерүү усулун жана сабакты жыйынтыктоо формасын аныктагыла.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

*1.Сабактын план конспектин түзүп көргүлө.*

*2.Сабактын структурасына мүнөздөмө бергиле жана өзүңөрдүн жемиштүү деген вариантыңарды сунуштасаңар болот.*

**11-тема. Сабакты анализдеп баалоонун технологиясы**

**Практикалык сабактардын планы**

1.Сабакты анализдөөдөн кийин өзүөңрдүн жана өзгөлөрдөн каталарын анализдеп, тизмектеп жазып чыккыла.

2.Сабакты анализдөөнөн максаттарын, принциптерин, негизги этаптарын, дидактикалык милдеттерин эске алуу менен реалдуу түрдө анализ жасагыла.

3.Өз ара сабакка катышуунун кандай мааниси бар, сабакты анализдөөдө кандай эмнелерге көңүл буруу зарыл экендигин өзүңөргө жазып алгыла.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

*1. Өзгөлөрдүн каталарын анализдөө аркылуу өзүңөрдүн көнүгүү сабактарыңардагы каталарыңарды анализдегиле.*

*2. Сабактарды анализдөөнүн ар түрдүү максаттарын санап көргүлө.*
*3.Сабактын негизги этаптарындагы дидактикалык милдеттерди аныктагыла.*

**12-тема. Өз ара сабактарга катышуу-сабакты жүргүзүү этабы, техникасы, психологиялык, педагогикалык өңүттөн талдоо**

**Практикалык сабактардын планы**

1.Өз ара сабакка катышууда тартип, сабак кызыктуубу же кызыксызбы?, класстык доскадагы жазуулар ирettүүбү?, окуучулар менен байланыш үзүлгөн учурлар болдубу?, эгер болсо эмне үчүн?, ушул ж.б. дидактикалык жагдайларды эске алуу менен анализ жасагыла.

2.Өз ара сабактарга катышууда сабактын темпи, технологиялык, методикалык, санитардык - гигиеналык акпекттерин эстен чыгарбагыла. 3.Класстык доскада иштүү эрежелеринин сакталышына, мугалимдин окуучулар менен байланышты кантип ишке ашыруусуна маани бергиле.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

*1.Тартип, сабактын кызыктуулугу, класстык доскадагы жазуулардын ireттүүлүгү,*

*окуучулар менен болгон байланыштын туруктуулугу ж.б.у.с. жактарына анализ жүргүзгүлө.*
*2.Сабактын темпи, сабактын технологиялык, методикалык, санитардык-гигиеналык акпекттерине маани бергиле жана өз пикириңерди билдиргиле.*

*3.Класстык доскада иштөө эрежелерин көрсөткүлө.*

**13-тема. Көркөм сабаттуулуктун негиздерин окутуу усулдары**

**Практикалык сабактардын планы**

1.Көркөм сүрөт өнөрү, анын түрлөрү, жанрлары, ырааттуу сүрөт тарттыруу ыкмалары (баскычтар менен иштөө) боюнча дидактикалык материалдарды даярдагыла.

3. Калемдерди, боекторду ж.б. КСӨ каражаттарын иштетүү техникалары жөнүндө оозеки маалымат бергиле.

4.Перспективанын элементтерин доскага жана форматка чийип көрсткүлө.

**Өз алдынча жана практикалык иштөө үчүн тапшырмалар**

*1.Көркөм сүрөт өнөрү, анын түрлөрүн, жанрларын баяндаган көргөзмөлүү фото альбом же видео слайддарды даярдагыла.*

*2.Ырааттуу сүрөт тарттыруу ыкмаларын сүрөттөгөн окуу таблицасын даярдагыла (баскычтар менен иштөө).*

*3. Калемдерди, боекторду ж.б. КСӨ каражаттары жана аларды иштетүү эрежелери боюнча баяндама даярдагыла.*

**14-тема. Түстөр жана алардын психологиялык таасирлери. Түстүк композицияны окутуу усулдары**

**Практикалык сабактардын планы**

1. Негизги жана спектр, хроматикалык жана ахроматикалык, жылуу жана салкын түстөр,

түстүк композиция жана анын мыйзам ченемдүүлүгүн аппликациялык түстүү кагаздар менен жасап көрсөткүлө.

3. Живописteги жана декоративдик колдонмо өнөрдөгү түстүк композиция жөнүндө баяндап бергиле.

4. Түстөр жана алардын аң сезимге тийгизген психологиялык таасирлерин майда кесилген кагаздарды жабыштырып композиция түзүү менен далилдегиле.

**Өз алдынча жана практикалк иштөө үчүн тапшырмалар**

*1. Негизги жана спектр, хроматикалык жана ахроматикалык, жылуу жана салкын түстөр,*

*түстүк композиция жана анын мыйзам ченемдүүлүгүн сүрөттөгөн көргөзмө курал даярдагыла.*

*3. Живописteги жана декоративдик колдонмо өнөрдөгү түстүк композициянын өзгөчөлүгүн конкреттүү далилдер менен көргөзмөлүү баяндап бергиле.*

*4. Түстөр жана алардын аң сезимге тийгизген психологиялык таасирлерин илимий фактылар жана аргументтер менен далилдегиле.*

## 15-тема. Боектор жана аларды колдонуу техникалары

**Практикалык сабактардын планы**

1.Акварель, гуашь ж.б. боектор менен иштөө техниклары жана аларды чагылдырган дидактикалык материалдарды даярдагыла.
2. Түс таануу жана колористика боюнча кыскача түстүү иллюстрацияларды топтоо.
3. Таар, килем, терме, өрмө, курак, сайма ж.б. элдик кол өнөрчүлүктөгү боекторду түрлөп иштетүү тажрыйбалары жөнүндөгү видео материал даярдагыла.

**Өз алдынча жана практикалк иштөө үчүн тапшырмалар**

*1.Акварель, гуашь ж.б. боектор менен иштөө техниклары жана аларды чагылдырган дидактикалык материалдарды түзгүлө*
*2.Таар, килем, терме, өрмө, курак, сайма ж.б. элдик кол өнөрчүлүктөгү боекторду түрлөп иштетүү тажрыйбаларын чагылдырган слайддарды жасагыла.*
*3. Гуашь, акварель боегу, май боек сыяктуу боектордун техникалык касиеттери, боекторду иштетүүнүн эң эле жөнөкөй ыкмалары жөнүндө далилдүү маалыматтарды чогулткула.*

## 16-тема. Фронталдык жана бурчтук перспектива, көлөмдүү заттардын сүрөттөрүн тартуу усулдары

**Практикалык сабактардын планы**

1.Окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрүү үчүн көнүгүүлөрдүн мисалдарын сунуштагыла.

2.Сызыктуу жана аба перспективалары, фронталдык жана бурчтук перспективаларын оңой үйрөтүүнү шарттаган көргөзмө куралдардын мисалдарын жасагыла. 3.Горизонт сызыгындагы ар кандай келишүү чекиттери аркылуу заттардын пропорцияларын жана перспективасын аткаруунун мисалдарын аткарып көрсөткүлө

**<u>Өз алдынча жана практикалк иштөө үчүн тапшырмалар</u>**

*1.Сызыктуу жана аба перспективаларын, фронталдык жана бурчтук перспективаларын окутуунун ыңгайлуу жолдору жөнүндө усулдук доклад даярдагыла.*

*2.Сүрөт тартуу процессинде заттардын пропорцияларын кантип аныктоо керектигин сүрөттөгөн баяндама жазып көргүлө.*

*3. Бурчтук жана фронталдык перспективанын негизинде бир нече шилтемдерди жасап көрсөткүлө.*

## 17-тема. Пейзаж ( табияттын кооздугун чагылдыруу усулдары)

**<u>Практикалык сабактардын планы</u>**

1. Мектеп окуучулары үчүн табияттын сүрөтүн ырааттуу тартууну чагылдырган окуу таблицасын даярдагыла.

2. Ата журттун кооздугун даңазалаган  пейзаж жанрындагы чыгармалар топтомун даярдагыла.

3. Окуучулар үчүн”Туулган жер” , “Биздин айыл”,ж.б.у.с. тематикадардын тизмегин жазып чыккыла.

**<u>Өз алдынча жана практикалк иштөө үчүн тапшырмалар</u>**

*1. Мектеп окуучулары үчүн акварель, гуашь, май боек менен аткарылган табияттын эң сонун сүрөттөрүнүн альбомун же слайддарын даярдагыла.*

*2.”КСӨнүн пейзаж жанры тарбиялык процессте”аттуу темага карата дил баян жазгыла.*

*3. Окуучулардын”Туулган жер” темасында тартылган сүрөттөрү жөнүндөгү эсселерин жыйнап, анализдеп көогүлө.*

## 18-тема. Натюрморт (жансыз заттардын сүрөтүн тартуу) жанрында сүрөт тартуу усулдары

***План:*** **<u>Практикалык сабактардын планы</u>**

1.Мектепте натюрморт жанрында  ырааттуу сүрөт тарттыруу үчүн  дидактикалык окуу таблицаларды жасагыла.

2.Натюрморт түшүнүгү, анын түрлөрү жөнүндө кара сөз түрүндө маалымат даярдагыла.

3.Тематикалык - сюжеттик жана окуу натюрморторунун  өзгөчөлүктөрүнө маани бергиле

**<u>Өз алдынча жана практикалк иштөө үчүн тапшырмалар</u>**

*1.Эң мыкты натюрморттук чыгармалардын фотоальбомун түзгүлө.*

*2. Түрдүү натюрморттук постановкаларды коюп , көнүгүүлөрдү жасагыла.*

*3. КСӨнүн ар кандай кандай жанрлары менен натюрморттун байланышын  сүрөттөгөн (тиричилик жанры,пейзаж жанры) чыгармалардан мисал келтиргиле.*